| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЧҮЙ ОБЛУСУ<br>МОСКВА РАЙОНУ<br>ТӨЛӨК АЙЫЛДЫК АЙМАКТЫН<br>КЕНЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>МОСКОВСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ТОЛОКСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|

**IV-сессия** **I-чакырым**

**№ 32 ТОКТОМУ**

**2025-жылдын 21-июлу** **Спартак а.**

**Мүлккө муниципалдык менчиктиөткөрүп берүү жана чарба жүргүзүү укугу менен колдонууга берүү**

Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 15-мартындагы «Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" № 37 Мыйзамынын 14 жана 16 беренелерине ылайык*(Кыргыз Республикасынын 2005-жылдын 19-августундагы № 152, 2006-жылдын 22-ноябрындагы № 184, 2008-жылдын 14-февралындагы № 12, 2008-жылдын 29-декабрындагы № 279, 2009-жылдын 15-июнундагы № 182, 2011-жылдын 21-декабрындагы № 243, 2013-жылдын 15-ноябрындагы № 201, 2016-жылдын 22-июнундагы № 84, 2020-жылдын 6-мартындагы № 24, 2023-жылдын 25-июлундагы № 147, 2023-жылдын 12-октябрындагы № 187, 2024-жылдын 29-июлундагы № 152 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)* Төлөк айылдык кеңешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы № 52 токтомунун негизинде бириккенЧапаев, Целинный, Төлөк айыл аймактарынатаандык болгон мүлккө муниципалдык менчиктер, тийиштүү укук мурастоочусу болгон Төлөк айыл өкмөтүнүн балансына өткөрүлүп берилсин.

2. Төлөк айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигинде болгон мүлк,"Таза-Биримдик" муниципалдык ишканага чарба жүргүзүү укугу менен берилсин.

3.Чарба жүргүзүү үчүн мүлк берилген "Таза-Биримдик" муниципалдык ишкана, бул мүлккө Кыргыз Республикасынын мыйзамы менен аныкталган чектерде ээлик кылып, пайдаланып жана тескөөгө алсын.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Б.Ж.Алыбековго милдеттендирилсин.

**Төлөк айыл кеңешинин төрөгасы** **Иманалиев У.Д.**